**“М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети”**
**Илимий-изилдөө университети**

**Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети**

Д 08.24.707 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 631.16(575.2)(043.3)**

**Шатманова Айжамал Суйналиевна**

**“Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу**
(Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)”

08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика

экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**Автореферааты**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин экономика жана финансы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Абдиев Мурат Журатович**
экономика илимдеринин доктору, доцент,
М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин бухгалтердик эсеп жана аудит кафедрасынын профессору

**Расмий оппонентер:** **Ишенов Бейшенбек Чонмурунович**
экономика илимдеринин доктору, доцент,
"М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети" Илимий-изилдөө университетинин финансы жана экономикалык коопсуздук кафедрасынын профессору

**Эрмекова Асель Шарабидиновна**
экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Ж.Баласагын Кыргыз улуттук университетинин маркетинг билим берүү программасынын башчысы

**Жетектөөчү уюм:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин экономика, эсеп жана каржы кафедрасы, Манас шаары, Р. Азимов көч. 49

Диссертациялык ишти коргоо 2025-жылдын 26-ноябрында саат 15.00дө "М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети" Илимий-изилдөө университети жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 08.24.707 диссертациялык кеңешинин отурумунда, 720023, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч. 58 дареги боюнча өтөт.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/082-vac-bzx-csr

Диссертациялык иш менен "М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети" Илимий-изилдөө университетинин (720023, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58), Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720021, Бишкек ш., Киев көч.44) китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын расмий сайтынан таанышууга болот https://stepen.vak.kg/diss_sovety/d-08-24-707/

Автореферат 2025-жылдын 27-октябрында жөнөтүлгөн.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты — Окенова А.О.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Рынок мамилелеринде атаандаштыктын деңгээли тынымсыз өсүүдө, рыноктун катышуучулары атаандаштарынан артыкчылыкка ээ болуунун ар кандай жолдорун издөөгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун табууга аргасыз болушууда.

Учурда дүйнөлүк практикада атаандаштык жөндөмдүүлүк жана улуттук экономиканы дүйнөлүк коомчулукка интеграциялоо маселелерине чоң көңүл бөлүнө баштады. Ар бир өлкөнүн позициясы түздөн-түз анын экономикасынын, тармактарынын, ишканаларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды болууда жана анын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы, калктын тамак-аш азыктары менен канааттандыруу жана агрардык өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугу Кыргыз Республикасынын (КР) айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүү механизмин өркүндөтүү маселесин биринчи орунга коет. Айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү экологиялык сапаттуу натыйжалуу жана ресурстук сакталуучу техника жана технологиялар, эл аралык сапатка туура келген айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө негизделиши керек.

КРда рынок мамилелеринин калыптанышы жана импорттук товарлардын ата мекендик рынокто орун алуусу атаандаштыкты күчөттү жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатууну уюштурууга талаптарды жогорулатты. Атаандаштык күчөгөн шарттарында айыл чарба продукцияларын натыйжалуу башкаруу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү кескин курчуду.

Учурда КРда айыл чарба продукцияларынын өндүрүшү толук кандуу кубаттуулукта иштебей, айыл чарба продукцияларынын 10-15%ы гана кайра иштетилет. Ошону менен бирге КРдин калкынын 65%ы айыл жергесинде жайгашып, бардык эмгектенгендердин санынын 34%ы же калктын жалпы калкынын 14%ы айыл чарбасында алектенишет. Демек, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, экспорттук потенциалын көтөрүү резервдери бар.

Жогоруда айтылып кеткендерден улам, мындай жагдайдын келип чыгышы айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун али толук калыптана электигине дагы тыгыз байланыштуу.

Мындан улам, диссертациялык иште буга чейинки изилденген иштердин, жарык көргөн теориялык, илимий жана практикалык эмгектердин нугунда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жетишүүгө көмөктөшүүчү иштиктүү жаңы багыттарды жана ыкмаларды жакшыртуу талап кылынууда. Ушундай тез арада чечүүнү талап кылуучу, орчундуу жагдайдын келип чыгышы диссертациялык ишти иликтөө актуалдуу экендигин бекемдеп жана бул теманы тандоого түрткү болду.

Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана бул багытта кездешкен маселелердин иштелип чыгышы бир

катар чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде каралган. Жалпы атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүк маселелеринин көйгөйлөрү экономикалык теориянын классиктери К. Маркс, Ф. Энгельс, (1985), Р.Кемпбелл, К.Р.Макконелл, С.Л.Брю (2000)**,** П. Самуэльсон, А. Смит (2000), М.Портер (2005) ж.б. эмгектеринде чагылдырылып, бул багытта олуттуу салымдарын кошушкан. Агро-өнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн КМШ өлкөлөрүндө өнүгүү көйгөйлөрү Г.Л.Азоев (2016), Н.Я. Коваленко (2014), Ш.Ш.Магомедов (2023), Р. А. Фатхутдинов (2020), А. Ю. Юданов (2025), И. Г.Ушачев (2013), Т.И. Есполов ( 2014) ж.б. эмгектеринде андан ары терендетилип изилденген.

Кыргызстанда бул багыттагы маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине окумуштуу-экономисттер Ш. М Мусакожоев (2018), Т. К. Камчыбеков (2017), К. А. Атышов (2012), Дж. С. Джаилов (2017), Ж. Жумабаев (2012) ж.б. белгилүү салымдарын кошушкан.

Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга байланышкан айрым теориялык жана методологиялык багыттагы маселелердин рынок экономикасына ылайык тиешелүү деңгээлде изилдөөдөгү кемчиликтер, айыл чарба продукцияларын керектөөчүлөргө жеткирүүдөгү өндүрүү, кайра иштетүү жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуудагы өз ара аракеттерди экономикалык нукта негиздөө жана натыйжалуу жолдорун иштеп чыгуу аркылуу өлкөнүн калкын азык-түлүк менен камсыздоо көйгөйлөрү бул теманы изилдөөнү аныктады.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар жана илимий мекемелер жүргүзгөн негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоонун 2035-жылга чейинки концепциясынын, “КРнын айыл чарбасынын өнүгүшү жөнүндө» мыйзамдарынын, КРнын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, КРнын Айыл чарбасын 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясынын о.э. башка илимий-изилдөө иштеринин жана мамлекеттик программалардын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты болуп экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Максатка ылайык, төмөнкү изилдөө **милдеттери аныкталган:**

1. экономикалык алакалашуу шартында региондун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунун жана маанисин тактоо;аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролун аныктоо;
2. аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн

камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролун аныктоо;

3. аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун ыкмаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо жана аны шартоочу факторлорду аныктоо;

4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда эт азыктарынын мисалында аларды өндүрүү жана сатуунун учурдагы абалын анализдөөнүн негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдерин аныктоо;

5. аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу;

6. айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары айыл-чарба кооперациясын өркүндөтүүнү сунуштоо;

7. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** катары экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй **жаңы илимий натыйжалар** алынды:

- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;
- Аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- -Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- Эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- Аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;
- Айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;
- Аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-майындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө “Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын” түзүүдө колдонулду. Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кенейтет. Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде “Айыл-чарбасынын экономикасы”, “Ишкердиктин экономикасы” жана “Маркетинг” предметтеринде колдонсо болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертациядагы алынган илимий жыйынтыктар, теориялык жана практикалык сунуштар айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну, келечекте өндүрүштү башкарууну терендетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Коргоо үчүн берилген диссертациянын негизги жоболору:**

- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн манызы аныкталып, экономикалык мазмунуна тактоо киргизилди;
- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы, ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- Айыл чарба продукцияларын атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- Аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштелип чыкты;
- Эт жана эт продукцияларынын мисалында атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу учун айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды жана аны башкаруу тутуму иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоонун теориялык жана практикалык жолдору жалпыланды. Теориялык

жалпылоо жана комплекстүү анализдин негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуу жолдору иштелип чыкты, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуудагы катышуучулардын интеграциясын жакшыртуу, аймакта сатуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында заманбап талаптарга жооп бере турган айыл-чарба кооперативдерин түзүү сунушталды.

Изилдөөчү Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «2025-жылга чейин Ош облусунун кайра иштетүү секторун өнүктүрүүнүн жана атаандаштыгын жогорулатуунун региондук маселелери» аттуу темадагы илимий долбоорду даярдоого катышкан.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 10 дон ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын жалпы көлөмү 7,5 басма табакты түзгөн. Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда баяндоолор жасалган: “Туруктуу өнүгүү: Россиянын жана дүйнөлүк экономиканын тенденцияларын талдоо” (Дагестан, Махачкала шаары, Дагестан мамлекеттик эл чарба университети, 2023-жылдын 4-апрели), “Заманбап илимдин өнүгүүсүнүн келечеги” (Швеция, Гетеборг шаары, 6-8-март-2024- жыл); “Инновациялык экономиканын туруктуу өнүгүүсүн колдоо үчүн санариптик технологияларды башкаруу” (Ош шаары, ОшТУ, 2024-жылдын 14-майы) ж.б.

Диссертациялык иштин илимий натыйжаларды жүзөгө ашыруу жөнүндө КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын актысы менен бекитилгени күбөлөндүрөт.

**Диссертациянын басмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын темасы боюнча жалпысынан 22 илимий макала жарыяланган, анын ичинде 1 макала Скопус, 9 илимий макала - чет элдик басылмаларда (РИНЦ статусу бар); 6 илимий макала-республикалык басылмаларда (РИНЦ статусу бар) жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүнү, 3 бөлүмдү, корутундуну жана колдонулган илимий адабияттарды камтыйт. Диссертациялык иш 165 бет компьютердик тексттен, 18 таблицадан, 13 сүрөттөн жана 148 аталыштагы пайдаланылган адабияттардан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, приоритеттүү илимий багыттар жана программалар менен байланышы, максаты жана маселеси негизделди, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы аныкталды, алынган жыйынтыктардын практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү ачып берилди, коргоого алып чыгуучу негизги жоболор аныкталды жана диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктуулулугунун негизги жоболору сунушталды.

**“Аймактын айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун**

**атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздери”** деп аталган биринчи бапта атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүктүн экономикалык категория катары мазмуну; аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмүнүн ролу жана аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо жана аны шартоочу факторлор каралган.

Заманбап экономикалык изилдөөлөрдө аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн изилдөөнүн мааниси барган сайын жогорулоодо. Бирок, бул терминдин бирдиктүү аныктамасы жок. Бул биринчи кезекте аны изилдөөнүн ар кандай багыттарына байланыштуу болуп саналат.


Көптөгөн окумуштуу-экономисттер өлкөнүн экономикасына, тармакка, аймактарга, ишканага карата "атаандаштык жөндөмдүүлүк " түшүнүгүн чечмелеп, өз ойлору менен бөлүшүп келишкен. Мисалы, М.Портер атаандаштык жөндөмдүүлүктүн мындай аныктамасын берет - бул товардын, кызматтын, рынок мамилелеринин субъектисинин рынокто ушул сыяктуу товарлар, кызматтар же атаандаш рынок мамилелеринин субъекттери менен бирдей деңгээлде атаандашуу касиетинин болушу *[Портер, М. Конкуренция [Текст]:Пер. с англ. /М.Портер.-М.: Издательский дом Вильямс, 2005. - 608 с.]*

Атаандаштык жөндөмдүүлүк продукцияны өндүрүү жана сатуу чынжырчасындагы бардык кыймылдарды өркүндөтүү жолу менен жана ага байланыштуу уюштуруучулук, башкаруучулук, өндүрүштүк, финансылык иш чаралар менен, о.э. экономикалык эмес ыкмаларды колдонуу менен (чийки зат булагынан ажыратуу, насыя, энергия, кастык менен басып алуу ж.б.у.с.) жетишүүгө болот, бул атаандаштардын өнүгүүсүнө бөгөт болот. Мындай иш-чаралар кээде технологияны өркүндөтүүгө, кымбат программаларды иштеп чыгуу, кызматкерлерди окутуу жана сатуунун жаңы рынокторун издөөгө караганда натыйжалуу жана арзаныраак болуп калат,

Биздин оюбузча, аймактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аймактын табигый, эмгек, ресурстук жана өндүрүштүк потенциалын ишке ашыруу, ички жана дүйнөлүк рыноктордун талаптарына жооп берген товарларды жана кызматтарды өндүрүү, экономикалык өсүштү камсыз кылуу жана региондун чарбалык субъектилерине атаандаштык артыкчылыктарын берүү мүмкүнчүлүктөрү деп кароо керек. *[Шатманова А. С. Методологические основы измерения эффективности и конкурентоспособности АПК [Текст] / Асылбек кызы Б., А.С. Шатманова // Актуальные вопросы современной экономики», 2023.- №5, - 464-472 б. ].*

Эт продукцияларын өндүрүү, сактоо, кайра иштетүү жана сатуу тутумунун өнүгүү абалынын жана алардын өндүрүштүк кубаттуулугунун жайгашуусунун негизинде эт өндүрүшүндөгү вертикалдык типтеги кооперативди калыптандыруунун мүмкүн болгон вариантын иштеп чыктык.

Ош облусунун Өзгөн районунун мисалында эт өндүрүшүндө вертикалдык интеграциянын уюштуруучулук түзүмү көрсөтүлгөн (1.1- сүрөт).




**1.1 - сүрөт. Ош облусунун Өзгөн районунда эт өндүрүшүндө вертикалдык интеграциянын схемасы**

*Булак: жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн*

Кайра иштетүү секторунун бир дагы тармагында этти кайра иштетүү өнөр жайындагыдай чийки заттар базасындай кайра иштетүү ишкананын тыгыз байланышындай тыгыз байланышы жок.

Эт өндүрүшү өз убагында чийки заттар менен камсыз болбосо ийгиликтүү иштей албайт. Эт продукцияларынын ар түрдүү түрлөрүн өндүрүүдө өзүнүн өзгөчөлөнгөн талаптары бар.

Ош облусунун эт продукцияларынын мисалында кооперативдик кыймылдын жана анын өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кыскача анализдөө менен кооперативди түзүүгө, экономикалык жыйынтыкты алууга резервдердин бар экендигин көрсөттү.

Чарбалык субъекттердин (ишканалардын, фирмалардын, компаниялардын, өлкөлөрдүн) атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо татаал процесс, анткени атаандаштык жөндөмдүүлүктү калыптандырууга көптөгөн ар кандай факторлор жана ресурстар тартылат.

Экономикалык адабияттарда ар кандай деңгээлдеги атаандаштык жөндөмдүүлүккө баа берүүнүн ар кандай ыкмалары каралат, алар методикалык иштеп чыгууларда камтылган.

Экономикалык адабияттарда ар кандай методдор (Дифференциалдык ыкма, аналитикалык жана божомолдоочу ыкмалар, графикалык ыкмалар, бирдик индекстери, матрица ыкмасы, SWOT анализ, горизонталдык анализ, вертикалдык анализ, фактордук анализ, салыштырмалуу анализдөө ж.б.) каралат, алар ар кайсы тармактын ишканаларына, анын ичинде эт азыктарын өндүрүүчү ишканаларга тиешелүү.

Биздин оюбузча, ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо көрсөткүчтөрүнүн тутумун тандоодо негизги көңүлдү камсыз кылган туруктуу мамилелерди аныктоого жана орнотууга буруу керек, ал эми келечекте атаандаштык артыкчылыктарын калыптандыруунун булагы болуп кызмат кыла алат.

Жеке изилдөөнүн жана илимий адабияттардын, «Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү» категориясын изилдөөнүн негизинде айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү ички жана сырткы чөйрөнүн негизги факторлору көрсөтүлдү (1.2-сүрөт).




**1.2-сүрөт. Айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлор**
***Булак:*** *жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн*

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн ички фактору катары продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгү эсептелет. Изилдөөгө ылайык айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн төмөнкү аныктамасы сунушталат: «айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү»-бул керектөөчүлүк касиеттердин жыйындысы, о.э. атаандаштын продукциясынан өзгөчөлөнуусун белгилөө менен продукцияны тиешелүү деңгээлдеги каржылык жыйынтыктар менен сатууга мүмкүн болгон сапаттык жана нарктык мүнөздөмөлөр»

Экинчи бапта **"Кыргыз Республикасынын Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатууну анализдөө жана баалоо (эт азыктарынын мисалында)"** Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө жана баалоо жана эт азыктарын өндүрүүнүн динамикасы жана натыйжалуулугу каралган.

**Изилдөөнүн предмети** – КРнын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана өнүктүрүү багыттары.

**Изилдөөнүн объектиси** – КРнын Ош облусунун айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери** болуп чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча илимий эмгектери; маалыматтык, эмпирикалык жана укуктук-нормативдик негиздери болуп КРнын мыйзамдык жана нормативдик актылары жана Министрлер кабинетинин токтомдору, КРУСКнын, Экономика министрлигинин жана Айыл чарба министрлигинин маалыматтары, ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий жана мезгилдүү басылмаларда, интернет булактарында жарыяланган материалдар эсептелди.

**Изилдөөнүн методдору** – изилдөөдө жалпы экономикалык-статистикалык, математикалык моделдөө, монографиялык, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары колдонулду. Ош облусунун айыл чарбасы аймактын экономикасынын алдыңкы тармагы болуп саналат. Облустта жашылча-жемиш, картошка өстүрүү, ошондой эле айыл чарба жаныбарларын өстүрүү, эт жана сүт азыктарын өндүрүү үчүн ыңгайлуу табигый-климаттык шарттар бар.

2024-жылдын 1-январына карата Ош облусунда 17 мамлекетик чарба, 63 коллективдик чарбалар, 13548 дыйкан (фермердик) чарбалар өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

Ош облусунда агрардык сектордун дүн продукциясынын наркы (учурдагы баа менен), анализ учурунда облуста 16,2 %га өскөн, анын ичинде өсүмдүк өстүрүүчүлүгү 22,4 %га, мал чарбачылыгы 11,4 %га өскөн.

Айыл чарбасынын дүн продукциясын эсептөөдө салыштырмалуу баанын жоктугуна байланыштуу айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн динамикасын аларды натуралдык түрдө өндүрүүнүн баалоого болот.

**2.1 - таблица. 2019-2023-ж.ж. карата Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын өндүрүү, миң тонна**

| Продукциялар | 2019-ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | 2023-ж. 2019-ж. карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (иштетилген кийинки салмакта) | 297,3 | 308,8 | 306,9 | 327,8 | 333,4 | 112,1 |
| Пахта сырьесу | 34,9 | 31,0 | 28,6 | 33,4 | 29,3 | 83,9 |
| Тамеки | 0,9 | 0,6 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 111,1 |
| Картошка | 206,2 | 204,9 | 207,4 | 206,6 | 211,4 | 102,5 |
| Жашылча | 175,9 | 173,5 | 179,1 | 186,4 | 198,2 | 112,7 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 54,7 | 54,4 | 51,2 | 49,2 | 49,4 | 90,3 |
| Май өсүмдүктөрү | 4,8 | 3,7 | 3,0 | 2,6 | 2,1 | 43,7 |
| Мөмө жана жемиш | 54,3 | 55,1 | 56,4 | 57,5 | 59,6 | 109,7 |
| Эт (союлуучу салмакта) | 44,3 | 46,9 | 47,2 | 50,1 | 50,4 | 113,7 |
| Чийки сүт | 321,7 | 328,1 | 335,0 | 340,3 | 347,7 | 108,1 |
| Жүн | 2298,6 | 2307,0 | 2276,6 | 2263,6 | 2220,4 | 96,6 |
| Жумуртка, млн. Даана | 58,5 | 61,7 | 64,2 | 65,5 | 68,7 | 117,4 |

Булак: КР УСК маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү https://stat.gov.kg/ru/publications/sbornik-selskoe-hozyajstvo-kyrgyzskoj-respubliki/

2.1-таблицадан көрүнүп тургандай Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын өндүрүүдө көп түрүнүн өсүшү камсыз болгон. Атап өтсөк, жумуртка өндүрүү –17,4 % га, эт- 13,7% га, жашылчалар-12,7% га, дан- 12,1% га, тамеки- 11,1 % га, мөмө жана жемиш-9,7 % га, чийки сүт-8,1% га, картошка-2,5% га өстү.

Ал май өсүмдүктөрү 56,3 % га, пахта сырьесу 16,1% га, бакча өсүмдүктөрү 9,7% га, жүн өндүрүү 3,4 % ке кыскарып, бул рыноктун коньюнктурасы жана өлкөбүздө аз көлөмдө өстүрүлгөндүгү жана импорттук көз карандылык менен байланышкан.

Айыл чарбасынын продукциясынын басымдуу бөлүгү жеке сектордо өндүрүлөт (58 %). Дыйкан (фермер) чарбаларынын үлүшү салыштыруучу мөөнөттө 41,1 %ды түзсө, мамлекеттик жана коллективдик чарбалардын үлүшү бар болгону 0,9 % ды гана түздү.

Бүгүнкү күндө Ош облусунда мамлекет тарабынан айыл-чарба субъекттерине колдоо көрсөтүү, айыл-чарба продукцияларын уюшулган түрдө сатуу, өзгөчө тышкы рынокко чыгаруу маселелери, тийиштүү деңгээлде эмес. Булардын кесепетинен чарбалык субъекттер чаржайып, б.а. системдик түрдө эмес өндүрүлгөн продукцияларын сатып келүүдө.

Ошентип, эт кайра иштетүү өнөр жай ишканаларынын чийки зат базасын чыңдоо үчүн малдын санын көбөйтүү, эң башкысы, анын сапаттык мүнөздөмөсүн жакшыртуу керек.

2.2 - таблицада көрүнүп тургандай Ош облусунда өндүрүштүк кубаттуулукту начар жана натыйжалуу эмес иштетүү эт азыктарын өндүрүүнүн төмөн деңгээлин шарттайт.

**2.2-таблица- Кыргыз Республикасы жана Ош облусу боюнча эт азыктарын кайра иштетүүнүн деңгээли.**

| Продукциялар | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | өсүү темпи,% |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | | | | | | |
| Чийки эт өндүрүү,мин.т | 226,2 | 230,4 | 235,0 | 248,3 | 252,5 | 111,6 |
| Кайра иштет-н эт азыктары, мин.т | 21,4 | 22,9 | 24,4 | 25,7 | 31,8 | 148,6 |
| Кайра иштетүү денгээли, % | 9,4 | 9,9 | 10,4 | 10,3 | 12,6 | 134,0 |
| **Ош облусу** | | | | | | |
| Чийки эт өндүрүү,мин.т | 84,6 | 86,1 | 87,2 | 88,4 | 90,0 | 106,4 |
| Кайра иштетилген эт азыктары, мин.т | 5,0 | 4,7 | 5,0 | 4,5 | 4,9 | 98,0 |
| Кайра иштетүү денгээли, % | 5,9 | 5,4 | 5,7 | 5,0 | 5,4 | 91,5 |

*Булак: КР УСК маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/*

Биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, өлкөбүздүн, анын ичинде Ош облусунун айыл-чарба продукцияларынын кайра иштетүү деңгээлинин төмөн

болушунун негизги себептеринин бири - эгемендүүлүк жылдарында кайра иштетүү жана айыл чарба ишканаларынын ортосундагы ишкердик байланыштардын үзүлүшү жана аларды рыноктук ыкмаларды колдонуу менен калыбына келтирүүнүн өтө жай темптери. Мындай кызматташууга айыл чарба ишканалары дагы, кайра иштетүү ишканалары дагы кызыкдар экендигине карабастан, иш жүзүндө эч кандай экономикалык байланыштар жок. Бул кайра иштетүү ишканалары, мисалы, сүт, эт азыктары, жашылча-жемиштерди базарларда же эт сатуучу жайларда чийки заттарды сатып алуу менен, ошондой эле жеке өндүрүүчүлөрдөн сатып алууларына алып келет.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунда этти кайра иштетүүнү анализдөөнүн жыйынтыгында бул тармактын начар өнүккөндүгүн айтып кетсек болот. Аймакта 2023-жылы 4966,6 т эт жана тамактык субпродуктылар өндүрүлүп, акыркы беш жылда 1,3% ке төмөндөгөн. Өндүрүштүк кубатттуулукту начар жана натыйжалуу эмес иштетүү эт продукцияларын өндүрүүнүн төмөнкү денгээлин шарттайт. Жалпы республика боюнча эт продукцияларын кайра иштетүү денгээли 12,6 % ти түзсө, бул көрсөткүч аймак боюнча 5,4 % ти түздү.

Бул тармактын көйгөйлөрү болуп: чийки эт жана кайра иштетилген эт продукцияларынын сапатын аныктоо боюнча заманбап лабораториялардын жоктугу; кайра иштетүү үчүн чийки эттин коңшу мамлекеттерге сатылып кеткендиктен, анын жетишсиздиги жана уюшулган фермалардын аз санда болуусу, алар менен келишимдин болбоосу; этти чогултуу үчүн ачык айкын инфраструктуранын жоктугу; айлануу; мамлекетик колдоонун жана жөнгө салуунун начардыгы ж.б. эсептелет.

Бул тармакта чийки заттык базаны эске алуу менен аны өнүктүрүү үчүн мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары колдоо көрсөтүп, тиешелүү инвестиция тартуу, инфраструктураны түзүү зарыл. Ал үчүн малдарды багуучу фермалардан баштап, тоют базасы, лабораторияларды, май союучу жайларды эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу, эт продукцияларын өндүрүүчү ишканаларда өндүрүлгөн продукциялардын ассортиментин көбөйтүү керек.

Ош облусунун эт продукцияларына болгон керектөө импорттон көз каранды. Аймактагы айыл-чарбасынын потенциалын жана экологиялык жактан таза сапатка ээ эт продукцияларынын сатуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен негизги багыт катары заманбап этти кайра иштетүүчү ишканаларды ачуу жана сырткы рынокко продукцияларды экспорттоо зарыл.

Изилдөөнүн **“Экономикалык интеграция шарттарында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүү”** деп аталган үчүнчү бапта аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми; айыл-чарба кооперациясы айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары жана Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун

иштеп чыгуу каралган.

Айыл чарба продукцияларынын, анын ичинде эт азыктарынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгууга байланыштуу теориялык жана методикалык аспектилерди изилдөөнүн аркасында, жакынкы келечекте региондогу эт өндүрүшүнүн өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы деңгээлин камсыз кыла турган мындан аркы прогрессивдүү өнүгүүнүн багыттарын аныктоо керек.

Диссертациялык изилдөөдө Ош облусунун атаандашууга жөндөмдүү эт өндүрүшүнүн механизмин түзүүгө багытталган иштеп чыгуулар облустун агроөнөр жай чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүүнүн программасынын бөлүгү катары колдонулат деп эсептейбиз.

Экономикалык натыйжаны Ош облусунун 2019-2025-жылдарга агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн Программасынын долбоорун түзүүдө колдонулган методиканын негизинде эсептеп чыктык, ал отчеттук статистиканын өзгөрүшү менен аныкталган экономикалык көрсөткүчтөрдүн тренд баасына негизделген жана ушул негизде экономикалык өсүштүн же төмөндөөнүн тенденцияларын белгилеген.

Региондун эт өндүрүшүн андан ары өнүктүрүү үчүн андагы айыл чарба уюмдарынын жана ишканаларынын, дыйкан (фермер) чарбаларынын, жеке көмөкчү чарбалардын натыйжалуу, экономикалык жактан пайдалуу иштешине тоскоол болгон жоболорду жоюу, ошондой эле туруктуу жашоо үчүн мыйзамдык жана ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, региондук агрардык саясаттын негизги стратегиялык максаттарынын бири катары айыл аймактарын өнүктүрүү шарттарды түзүү керек.

Ош облусунун аймагынын эт өндүрүшүнүн чарбалык субъектилеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин моделдөөнүн концептуалдык аспектилери аймактык жана стратегиялык пландаштыруунун, болжолдоонун жана программалоонун региондук процесстерин камтышы керек. Интеграцияланган уюштуруучулук-чарбалык механизмди өнүктүрүүнүн ийгилигин негизинен аныктоочу маанилүү фактор атаандаштык артыкчылыктарын калыптандырууга багытталган вертикалдуу интеграцияланган түзүмдү калыптандыруу болуп саналат (3- сүрөт).

Сунушталган уюштуруу-экономикалык механизм инвестицияларды, инновацияларды жана башка процесстерди активдештирүүгө жөндөмдүү, атаандаштыктын жана ишкердүүлүктүн өнүгүшүнө, илим менен бизнестин тыгыз өз ара аракеттенүүсүнө, ресурстарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшөт.

Заманбап логикалык концепциянын контекстинде, чийки эт продукциясын жеткирүү, өндүрүү жана сатуу процесстериндеги материалдык агымдарды башкаруунун методологиялык негизи катары, бирдиктүү уюштуруучулук жана технологиялык чынжырдын бардык звенолорунун ортосундагы байланыш айкын көрүнүп турат (3.1-сүрөт).




**3.1-сүрөт. Ош облусунун чарбалык субъекттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизми**

*Булак: автор түзгөн*

Андан ары изилдөөбүздү экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык анализи аркылуу байланышын аныктап прогноз жасадык. Ал үчүн бир канча көрсөткүч-факторлорду алып, төмөнкү 3.1 - таблицада түзүп алабыз.

**3.1 - таблица- Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын дүн өндүрүү**

| | **Айыл-чарба продукцияларын дүн өндүрүү** | **Өсүмдүк өстүрүүчүлүк** | **Мал чарбачылыгы** |
|---|---|---|---|
| | У | $X_1$ | $X_2$ |
| 2019 | 41 851,70 | 18 849,90 | 22 325,90 |
| 2020 | 49 208,20 | 22 283,70 | 25 569,60 |
| 2021 | 63 958,00 | 31 297,30 | 31 073,60 |
| 2022 | 71 999,40 | 35 891,60 | 34 495,10 |
| 2023 | 74 611,30 | 35 324,20 | 37 476,70 |
| | Lg (У) | Lg( $X_1$) | Lg( $X_2$) |
| 2019 | 10,64189 | 9,844263 | 10,0135 |
| 2020 | 10,80382 | 10,01161 | 10,14916 |
| 2021 | 11,06598 | 10,35129 | 10,34411 |
| 2022 | 11,18441 | 10,48826 | 10,44857 |
| 2023 | 11,22005 | 10,47232 | 10,53147 |

*Булак: КР УСК маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кирүү режими: https://stat.gov.kg/ru/*

Эт өндүрүшүндөгү чарбалык субъектилердин натыйжалуу өнүгүү деңгээли анын атаандаштык жөндөмдүүлүгү менен байланышкан, бул, албетте, практика жүзүндө туруктуу атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу жана пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн иш жүзүнө ашыруунун негизги формасы катары эсептелинет. Мындан улам, эт өндүрүшүндөгү туруктуу өнүгүүнү камсыздоо максатында атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн абалын жогору кылуу милдети социалдык- экономикалык жана экологиялык чөйрөлөр менен байланышкан атаандаштыкка ээ мезгилде иш жүзүнө ашат. О.э., атаандашуу мүмкүнчүлүктөрүн уюштуруу жана жүргүзүү чарбалык механизмдерди жакшыртуу менен башкаруу объектилердин сакталуусун камсыздайт.

**3.2 - таблица - Ош облусу боюнча айыл-чарбасынын дүн өндүрүүнүн факторлорунун таасири**

| | **Коэффи-циенттер** | **Станд. ката** | **t- статистика** | **P-мааниси** | **Төмөнкү 95%** | **Жогорку 95%** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| C | 0,644932 | 0,209908 | 3,072447 | 0,091609 | -0,25823 | 1,548094 |
| $X_1$ | 0,484977 | 0,047859 | 10,1335 | 0,009598 | 0,279057 | 0,690897 |
| $X_2$ | 0,522004 | 0,065009 | 8,029657 | 0,015158 | 0,242291 | 0,801717 |
| Көптүк R | 0,999891 | Нормалдаштырылган R-квадрат | | 0,999565 | F | 4592,316 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| R-квадрат | 0,999782 | Стандарттык ката | 0,005239 | Маанилүүлүгү F | 0,000218 |

*Булак: автордук эсептөөлөр.*

$$lg\,a = 0{,}6 \Rightarrow a = 10^{0{,}6} = 3{,}98$$

$$B_1 = 0{,}48 \Rightarrow B_2 = 0{,}52 \qquad (1)$$

Эсептөөлөрдүн натыйжасында көп регрессиянын даражалуу моделинин теңдемеси алынды:

$$\hat{Y} = 3{,}98 * {X_1}^{0.48} * {X_2}^{0.52} \qquad (2)$$

Модельдин алынган теңдемеси маанилуу, бул 1ге жакын болгон детерминация коэффициентинин мааниси (R2 = 0,99) менен көрсөтүлөт, ал эми F-критериясынын алынган мааниси таблицадагы мааниден олуттуу ашып кетет.

**3.3-таблица- Ош облусунда 2023-жылга чейин айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун прогнозу, миң тонна**


| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Тренд тендемеси | Аппрок-симациянын орточо катасы | Детерминация коэффициенти | 2023 факт. | 2024 прог. | 2025 прог. | 2026 прог. | 2027 прог. | 2028 прог. | 2029 прог. | 2030 прог. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эт (союлган салмакта), мин.т | y = 1.54* x + 43.16 | A=1,2 | $R^2$ =0,96 | 50,4 | 2,4 | 53,94 | 55,48 | 57,02 | 58,56 | 60,1 | 61,64 |
| Этти ондуруу,мин.т | y = 1.31* x + 83.33 | A=0,12 | $R^2$ =0,99 | 90,0 | 91,19 | 92,5 | 93,81 | 95,12 | 96,43 | 97,74 | 99,05 |
| Кайра иштетилген эт азыктары, мин т. | $y = 4.93878*0.99165^x$ | A=3,71 | $R^2$ =0,9 | 4,9 | 4,69 | 4,65 | 4,6 | 4,5 | 4,5 | 4,5 | 4,46 |
| Эт продукцияларын сатуу ( кайра иштетилбеген), мин .т. | $y = 53.50494*x^{-0.18}$ | A=3,79 | $R^2$ =0,89 | 38,2 | 38,75 | 37,69 | 36,79 | 36,02 | 35,35 | 34,74 | 34,20 |
| Дан (иштетилген кийинки салмакта | y = 9.12 *x + 287.48 | A=1,02 | $R^2$ =0,9 | 333,4 | 342,2 | 351,32 | 360,4 | 369,5 | 378,68 | 387,8 | 396,92 |
| Пахта сырьесу | $y = 33.85327*x^{-0.08024}$ | A=5,11 | $R^2$ =0,6 | 29,3 | 29,32 | 28,959 | 28,65 | 28,38 | 28,142 | 27,92 | 27,734 |
| Тамеки | $y = 0.68812*1.06356^x$ | A=10 | $R^2$ =0,53 | 1,0 | 0,995 | 1,0592 | 1,126 | 1,198 | 1,2743 | 1,355 | 1,4415 |
| Картошка | y = 2.5222*ln(x) + 204.885 | A=0,73 | $R^2$ =0,65 | 211,4 | 209,4 | 209,79 | 210,1 | 210,4 | 210,69 | 210,9 | 211,15 |
| Жашылчалар | $y = 166.1864*1.03153^x$ | A=1,81 | $R^2$ =0,91 | 198,2 | 200,2 | 206,52 | 213,0 | 219,7 | 226,68 | 233,8 | 241,2 |
| Бакча өсүмдүктөрү | $y = 55.53107*x^{-0.07413}$ | A=1,33 | $R^2$ =0,92 | 49,4 | 48,62 | 48,072 | 47,59 | 47,18 | 46,817 | 46,48 | 46,189 |
| Май өсүмдүктөрү | y = -1.6508* ln(x) + 4.8206 | A=1,39 | $R^2$ =0,99 | 2,1 | 1,862 | 1,6083 | 1,387 | 1,193 | 1,0195 | 0,862 | 0,7185 |
| Мөмө жана жемиш | y = 1.3* x + 52.68 | A=0,52 | $R^2$ =0,98 | 59,6 | 60,48 | 61,78 | 63,08 | 64,38 | 65,68 | 66,98 | 68,28 |
| Эт (союлуучу салмакта) | y = 1.54* x + 43.16 | A=1,2 | $R^2$ =0,96 | 50,4 | 2,4 | 53,94 | 55,48 | 57,02 | 58,56 | 60,1 | 61,64 |
| Чийки сүт | $y = 315.72201*1.01938^x$ | A=0,09 | $R^2$ =0,99 | 347,7 | 354,26 | 361,13 | 368,12 | 375,26 | 382,53 | 389,94 | 397,5 |
| Жүн, т | $y = 2315.82*x^{-0.01948}$ | A=0,73 | $R^2$ =0,81 | 2 220,4 | 2236,4 | 2229,7 | 2223,9 | 2218,8 | 2214,2 | 2210,1 | 2206,4 |
| Жумуртка, млн. даана | y = 2.42 *x + 56.46 | A=0,65 | $R^2$ =0,98 | 68,7 | 70,98 | 73,4 | 75,82 | 78,24 | 80,66 | 83,08 | 85,5 |

*Булак: автордук эсептөөлөр.*

Ийкемдүүлүк коэффициенти факторлордун бири 1% көбөйтүлсө, калган факторлордун мааниси өзгөрүүсүз калса, *Y* натыйжадагы өзгөчөлүктүн орточо мааниси канча пайызга өзгөрөөрүн көрсөтөт. Сызыктуу эмес көп даражалуу моделинин параметрлеринин экономикалык чечмөөлөсү: -эгерде өсүмдүк өстүрүү 1% өссө, анда айыл чарбасынын дүң продукциясы орто эсеп менен 0,48%га өсөт; эгерде мал чарба продукциясын өндүрүү 1% өссө, анда айыл чарбасынын дүң продукциясы 0,52%га өсөт.

Учурда агрардык сектордогу кооперацияны өнүктүрүү АОЧнын экономикасын турукташтыруу үчүн жаңы ыкмаларды талап кылат. Изилдөөнүн негизинде айыл чарба керектөөчүлүк кайра иштетүү-сатуу кооперативиндеги экономикалык мамилелердин мүмкүн болгон схемасы 3.2 - сүрөттө көрсөтүлгөн.

**3.2 – сүрөт - Айыл чарба керектөөчүлүк кайра иштетүү-сатуу кооперативиндеги экономикалык мамилелердин схемасы**




*Булак: автор түзгөн.*

Сүт багытындагы мал чарбасын өнүктүрүү үчүн малдын сүтүн кайра иштетүү цехин түзүүнү жана эт багытындагы малдарды өстүрүү багытын, малдын этин кайра иштетүү цехин түзүүнү сунуштайбыз. Эки учурда тең, кайра иштетүүнү кооперативдик негизде уюштуруу пландаштырылууда.

Ош облусунун этти кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу зарыл.

Стратегиялык башкарууну ишкананын жогорку жетекчилиги жүзөгө ашырат жана ал узак мөөнөттүү өнүгүү келечегине багытталган. Колдонулуп жаткан негизги максат атаандаштыктын бар жана мүмкүн болгон артыкчылыктарын калыптандыруу, сактоо жана өнүктүрүү.

Ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн тактикалык башкаруу стратегиялык башкарууда көрсөтүлгөн жоболорду жүзөгө ашырат. Ал атаандаштык күрөшүнүн түрлөрүнүн, ыкмаларынын жыйындысынан турат, бул ишкана атаандаштар менен болгон атаандаштыкты тандап алат жана иш жүзүндө жүзөгө ашырат жана анын жардамы менен атаандаштык стратегиясы ишке ашырылат.

Учурдагы башкаруу учурдагы маселелерди чечүүгө байланыштуу процесстердин үзгүлтүксүз жүзөгө ашырылышы менен мүнөздөлөт, бул ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Мындан тышкары, атаандаштык жөндөмдүүлүктүн учурдагы башкаруусу мурда күтүлбөгөн дисбалансты жоюу үчүн иштелип чыккан жана жүзөгө ашырылган иш-чаралардын жыйындысы болгон атаандаштык маневрлерин билдирет.

## ТЫЯНАКТАР

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар даярдалды:

1. Атаандаштык - бул рыноктун эң маанилүү элементи болуу менен рынок мамилелерине негизделген, менчиктин ар кандай формаларынын жана ар түрдүү чарбалык субъекттердин болушун; экономикалык эркиндикти; ишкерлердин ишмердүүлүгүн, алардын өндүрүштү өркүндөтүүдөгү, инновацияларды өздөштүрүүдөгү, жаңы технологияларды киргизгендеги жана жаңы товарларды жана кызматтарды чыгаргандагы атаандаштык жөндөмдүүлүгүн шарттайт, ишкердүүлүктү жандандырат, анын натыйжалуулугун жогорулатат, өндүрүштөгү токтоп калууну жоюуга жардам берет жана өндүрүүчүлөр үчүн экономикалык атаандаштыктын ачкычы болот.

Атаандаштык жөндөмдүүлүк - бул атаандаштык түшүнүгүнө негизделген татаал экономикалык категория жана ал төмөнкү денгээлдерден турат: өлкөнүн, тармактын, аймактын, ишкананын жана продукциянын (товардын) атаандаштык жөндөмдүүлүгү.

Изилдөөбүз айгинелегендей айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү деп тиешелүү АӨЧ ишканаларынын өндүргөн продукцияларынын атаандашуудагы рыноктун талабына жооп берүүсү, башка атаандаш-ишканалардын өндүргөн окшош продукцияларынын эркин ички жана тышкы рынокторуна каршы туруусу эсептелет.

2. Учурда айыл чарба продукциясын өндүргөн түзүмдөрдү кайрадан түзүү, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, тышкы экономикалык

байланыштарды өнүктүрүү ж.б. зарылчылыктар пайда болууда.

АӨЧдо интеграция дагы биригүүнүн жана байланыштарды түзүүнүн формасы, бирок кооперациядан айырмачылыгы, ал (интеграция) өнөктөштөрдүн ортосундагы туруктуу байланыштарды орнотуу менен мүнөздөөчү бирдиктүү экономикалык блокту түзгөнгө шартталган. Эт өндүрүшү башка тармактан айырмаланып өз убагында чийки заттар менен камсыздалбаса натыйжалуу ишмердүүлүгүн жүргүзө албайт жана бул продукциялардын ассортименттерин өндүрүүдө өзгөчөлөнгөн талаптарга ээ.

Ош облусунун эт продукцияларынын мисалында кооперативдердин жана анын өнүгүүсүнүн потенциалын изилдөө менен аларды түзүүгө, экономикалык жыйынтыкка жетүүгө резервдердин бар экендигин аныктадык.

Изилдөөгө ылайык айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн мүмкүн болсо, ишкананын ишмердүүлүгүнүн багыттары жана бардык критерийлерин камтуу менен комплекстүү талдоо жүргүзүү керек жана аларды баалоонун методикасы иштелип чыкты. Аймактардагы айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн критерийи катары продукциянын сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрү анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоодо негиз катары эсептелинет, ал эми фактор катары- атаандаштык жөндөмдүүлүктүн өзгөрүүсү эсептелет.

Аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлорун изилдөө менен факторлордун эки группасы: сырткы факторлор: мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдар тарабынан жүргүзүлгөн саясат, мамлекеттик органдар тарабынан продукциянын атаандаштык артыкчылыгын түзүү, эмгек предметтеринин жана каражаттарынын наркы, сапаты, ритмдүүлүгү, алардын керектөөчүлөрү, ал эми ички факторлорго: чарбалык субъекттин имиджи, өндүрүштүк технологиясы, өздүк чийки заттык база жана анын сапаты, өндүрүштүк кубаттуулук ресурстарды иштетүү , даяр продукцияны сатуунун тездиги жана ыкмалары, техникалык камсыз болуу, өндүрүштүк технологиянын деңгээли, инновацияларды кийрүү кирет. Бул белгиленип кеткендер толук бүткөн болуп эсептелбейт, себеби өзүнчө ишкананын атаандыштык жөндөмдүүлүгүн кароо менен конкреттүү ишкананын иштешинин сырткы жана ички факторлорун эске алуу туура деп эсептейбиз.

3. Ош облусунун айыл-чарбасындагы мал чарбачылыгын жана чийки эт өндүрүүнү анализдөө менен аймакта эт өндүрүү багытындагы чарбаларды ирилештирүү, аларга илимий жана уюштуруу иш чараларынын колдонулушу жетишсиз болуп тургандыгын аныктадык.

Ош облусундагы мал чарбачылыгынын өндүрүмдүүлүгү, а.и. союлуучу мал катары сатылган малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагын жалпы өлкөдөгү көрсөткүч менен салыштырганда: кой жана эчки- 9 кг- га, жогору болсо, ири мүйүздүү мал боюнча- 5 кг-га, жылкылар- 4 кг-га төмөн болду. Жалпы Ош облусу боюнча анализделген мөөнөттө эт өндүрүү 7,5 %ке өскөн.

Аймакта 2019-жылы 5033,9тонна эт жана тамактык субпродуктылар өндүрүлүп, акыркы беш жылда 35,4 %ке өсүү болгон. Өндүрүштүк кубатттуулукту начар жана натыйжалуу эмес иштетүү эт продукцияларын өндүрүүнүн төмөнкү денгээлин шарттайт. Жалпы республика боюнча эт продукцияларын кайра иштетүү

денгээли 9,3%ти түзсө, бул көрсөткүч аймак боюнча 11,3%ти түздү. Бул тармактагы көйгөйлөрдөн болуп: чийки этти жана кайра иштетилген эт азыктарынын сапатын аныктоодо заманбап лабораториялардын жоктугу; кайра иштетүүдө чийки эттин коңшу мамлекеттерге сатылып кеткендиктен, анын көлөмүнүн аздыгы, алар менен келишимдин болбоосу; этти чогултуу үчүн ачык айкын инфраструктуранын жоктугу; айлануу; мамлекетик колдоонун жана жөнгө салуунун начардыгы ж.б. эсептелет.

Аймакта айыл чарба продукцияларын экспортоонун жоктугу жана импортоодон көз карандылыгы бул тармакты жандандыруу үчүн инновацияны тартууну жана инновациялык иш аракттерди күчөөтүнү талап кылат.

4. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгууга байланыштуу теориялык жана методикалык аспектерди талдоонун негизинде, келечекте аймактагы агрардык өндүрүштүн өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы деңгээлин камсыздаган кийинки прогрессивдүү өнүгүүнүн багыттарын аныктоо керек.

Ош облусунда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жетиштүү көлөмдөгү каражат талап кылынат жана бөлүнгөн каражат жетишсиз жана стратегиялык чараларды жана аларды ишке ашыруу механизми зарыл. Бул механизмди түзүүгө багытталган иштеп чыгуулар облусттун агроөнөр жай чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүүнүн программасынын бөлүгү катары колдонулат деп эсептейбиз.

Аймактын айыл чарба өндүрүшүн мындан ары өнүктүрүүдө айыл чарба субъекттеринин натыйжалуу иштөөсүнө тоскоол болгон жоболорду жоюу, о.э. туруктуу жашоо үчүн мыйзамдык жана ченемдик укуктук базаларды өркүндөтүү, аймактык агрардык саясаттын негизги стратегиялык максаттарынын бири катары айыл аймактарын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү керек.

5. Белгилүү бир тармакты туруктуу өнүктүрүү тутумунун ишин уюштурууда, биз учурдагы мал чарбачылыгынын багытын, анын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өндүрүмдүү мал чарбачылыгынын тармактык жана функционалдык түзүмдөрүнүн көз карандылыгын эске алышыбыз керек. Ош облусунда өндүрүмдүү мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө негизинен өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү жана анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат. Бул максатка жетиш үчүн кооперативдерин ар түрдүү формаларын жана типтерин колдонуу зарыл. Кооперация жакшы натыйжаларга жетүүдө көптөгөн артыкчылыктарга ээ болуу менен аны уюштурууда талаптарды сактоону жөндөйт.

Мал чарбачылыгында сүт жана эт азыктарын өндүрүү боюнча кооперативди түзүү зарыл, себеби ал бул тармактын натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, жалпы эле өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

6. Учурда аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү чарбалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктүн менеджмент системасын калыптандыруу зарыл жана ал башкаруунун үч иерархиялык деңгээлин камтыйт: стратегиялык, тактикалык жана учурдагы.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл чарба

продукцияларынын атаандаштыгын көтөрүү механизмин өркүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө төмөнкү сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди:

1. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу аны өнүктүрүүнүн тенденциялары сунушталды;

3. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизми иштелип чыкты;

4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун эт продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн чийки этти өндүрүүчүлөрдү, кайра иштетүүчү өнөр жай ишканаларын, камсыз кылуучу кызматтарды интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;

5. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун этти кайра иштеткен чарбалык субъекттер үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктүн менеджмент системасы иштелип чыкты.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. Шатманова А. С. Евразиялык интеграция шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары [Текст] / У.Н. Момунов, А.С.Шатманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, 2022. - №3, - 186-190 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50385385

2. Шатманова А. С. Сущность и содержание категории экономической эффективности производства [Текст] / Н. Мусакулов, Асылбек кызы Б., А.С.Шатманова // Агропродовольственная экономика, 2023. - №2, С.26-31. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54092004

3. Шатманова А. С. Логистические услуги - как фактор повышения конкурентоспособности агропромышленной сферы экономики [Текст] / Асылбек кызы Б., Н. Мусакулов, А.С. Шатманова // Агропродовольственная экономика, Новгород, 2023.- №2,- С.32-42 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54092005

4. Шатманова А. С. Методологические основы измерения эффективности и конкурентоспособности агропромышленного комплекса [Текст] / Асылбек кызы Б., А.С. Шатманова // Актуальные вопросы современной экономики», 2023.- №5, - С.464-472. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54380629

5. Шатманова А. С. Государственная поддержка интенсивного воспроизводства в сельском хозяйстве Кыргызской Республики в условиях интеграции в ЕАЭС [Текст] / М.Ж. Абдиев, Н.К. Мусакулов, А.С. Шатманова // Экономика и бизнес: теория и практика, 2023. - №12, - С.6-12. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59765340

6. Шатманова А. С. Кредитно-инвестиционные условия инновационного развития в сельском хозяйстве Кыргызской Республики [Текст] / М.Ж. Абдиев, Н.К. Мусакулов, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак. конф. «Современные аспекты развития экономики,

управления, права и финансов» (РФ, г. Ставрополь, 2023. – С.148-157).
7. Шатманова А. С. - Принципы и особенности построения экономического механизма хозяйствования в аграрном производстве [Текст] / М.Ж. Абдиев, Н.К. Мусакулов, А.С. Шатманова // Известия ОшТУ, 2023. – С.177-186 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59461682
8. Шатманова А. С. Айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда инновациялык агрокластерлерди өнүктүрүүнүн негизги багыттары [Текст] / М.Ж.Абдиев, А.К. Исмаилов // Наука. Образование.Техника, 2024. - №2,-168-175 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=67895170
9. Шатманова А. С. Айыл-чарбасындагы санариптештирүү-тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары [Текст] / А. Арстанбеков, А.С. Шатманова // Наука. Образование.Техника-Ош, 2024. -№2,- 175-180 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=67895171
10. Шатманова А. С. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда интеграциялык түзүмдүн ролу [Текст] / М.Ж.Абдиев, А.К. Исмаилов, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак. конф «Перспективы развития современной науки», 2024. – 50-59 б.. https://drive.google.com/file/d/1XTfg5jqHNE6bUXXMnC4yGw5-0wL8oKzz/view
11. Шатманова А. С. Улучшение переработки сельскохозяйственного сырья-как фактор повышения конкурентоспособности экономики регионов [Текст] / М.Ж.Абдиев, А.К. Исмаилов, А.С. Шатманова // Экономика и бизнес: теория и практика, Новосибирск, 2024. - №3, - С.6-11. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65610228
12. Шатманова А. С. Совершенствование лизинга в аграрном секторе Кыргызской Республики в условиях интеграции [Текст] / М.Ж. Абдиев, Н.К. Мусакулов, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак. конф «Обеспечение продовольственной безопасности в условиях глобализации и изменения климата: проблемы и решения», 2024. -С. 257-263 б.file:///C:/Users/user/Downloads/ilmiyanjumanlar_uz_admin_conf_articles_pdf_reference_php_id =6519.pdf
13. Шатманова А. С. Айыл-чарба кооперациясы- айыл-чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары [Текст] / А.К. Исмаилов, А.С. Шатманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, Бишкек, 2024. - №2 – 295-299 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=75090665
14. Шатманова А. С. Инновационно-инвестиционная основа повышения конкурентоспособности реального сектора Кыргызстана в условиях интеграции [Текст] / Экономика бизнес: и теория практика, и Новосибирск,2024. -№9 – С.67-72. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=73163753
15. Шатманова А. С. Аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн шарттоочу факторлор [Текст] / М.Ж. Абдиев, А.С. Шатманова // Вестник КЭУ, Бишкек, 2024. - №3 – 12-15 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=74480774
16. Шатманова А. С. Инновационно-инвестиционная основа повышения конкурентоспособности агропромышленной сферы Кыргызстана в условиях интеграции [Текст] / М.Ж. Абдиев, Т.Э. Керимбаева, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак. конф «Развитие человеческого капитала и технологических инноваций, решение климатических проблем и достижение долгосрочного устойчивого экономического роста за счет ресурсоэффективности» г.Фергана, ФерПИ, 2024. -С.33-41.
17. Шатманова А. С. Основные направления государственной поддержки повышения конкурентоспособности агропромышленной сферы Кыргызской Республики [Текст] / А. Арстанбеков, Н. Маталиева, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак.конф. «Теоретические и практические вопросы бухгалтерского учета, экономического анализа и аудита для обеспечения высоких темпов роста национальной экономики», г.Фергана, ФерПИ, 2024. – С.6-12.

18. Шатманова А. С. Зарубежный опыт государственного регулирования сельского хозяйства [Текст] / У.Н. Момунов, Н. Маталиева, А.С. Шатманова // Экономика и бизнес: теория и практика, 2024 - № 11 - 14-19 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=76097432

19. Шатманова А. С. Пути повышения конкурентоспособности производства и реализации мяса и мясных продуктов [Текст] / М.Ж. Абдиев, М.Т. Пайысбеков, А.С. Шатманова // Экономика и бизнес: теория и практика, 2025 - №1- С.6-11. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=80351973

20. Шатманова А. С. Основные направления организации выхода конкурентоспособной продукции сельского хозяйства на рынки в условиях интеграции [Текст] / А.К. Исмаилов, М.Т. Пайысбеков, А.С. Шатманова // Экономика и бизнес: теория и практика, 2025- № 1 – С.245-249. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=80352022

21. Шатманова А. С. Пути развития средне – и крупнотоварного сельскохозяйственного производства Кыргызской Республики [Текст] / М.Ж. Абдиев, Н. Маталиева, А.С. Шатманова // Междун. научно-прак. конф. «Приоритетные вопросы обеспечения высоких темпов роста национальной экономики в условиях зеленой экономики», г.Наманган, НамИТИ, 14.03. 2025г. С.15-20.

22. Шатманова А. С. Credit and Investment Conditions for Innovative Development of the Agricultural Sector of the Kyrgyz Republic in the Period of Economic Integration [Текст] / М.Ж.Абдиев, К.К.Токторов, А.С.Шатманова, Н.К.Мусакулов Н.К. // Technological Horizons of Decarbonization Based on Environmental Innovations, (Springer, SCOPUS). - Switzerland, 2025. - pp 333- 337 https://www.scopus.com/pages/publications/105014170048

Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (КРнын Ош облусунун мисалында)" деген темадагы 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: айыл чарбасы, аймактар, өндүрүш, продукция, сатуу, атаандаштык жөндөмдүүлүк, натыйжалуулук, потенциал, интеграция, ресурстар, мамлекеттик жөнгө салуу, колдоо.

**Изилдөөнүн объектиси –** КРнын Ош облусунун айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү.

**Изилдөөнүн предмети** – КРнын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана өнүктүрүү багыттары.

**Изилдөөнүн максаты:** Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору** – изилдөөдө жалпы экономикалык- статистикалык, математикалык моделдөө, монографиялык, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Алынган натыйжалар:** Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди; аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды; айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды; эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды; аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты; айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды; аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык- математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**Колдонуу деңгээли:** Алынган натыйжалар конкреттүү сунуштар деңгээлине жеткирилди жана КРнын Ош облусунда жана башка аймактарда айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу багыттарын аныктап, анализдөөдө колдонууну кенейтет.

**Колдонуу жааты:** Тыянактар, сунуштар жана практикалык нускамалар, иштелип чыккан жоболор тармактын натыйжалуу иштөөсү жана атаандаштык жөндөмдүүлүккө жетишине жана жыйынтыгында КРнын азык-түлүк коопсуздугун жана экспорттук мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууда узак мөөнөттүү программаларды жана иш-чараларды иштеп чыгууну өркүндөтүү үчүн илимий негиз катары кызмат кылышы мүмкүн, ошондой эле аналитикалык иштелмелерде жана жогорку окуу жайларында тиешелүү предметтерди окутууда, илимий изилдөө иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо колдонууга болот.

Диссертационная работа Шатмановой Айжамал Суйналиевны на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.06 - национальная и региональная экономика на тему: “Повышение конкурентоспособности производства и реализации сельскохозяйственной продукции (на примере Ошской области Кыргызской Республики)”

**Резюме**

**Ключевые слова:** сельское хозяйство, производство, конкурентоспособность, эффективность, потенциал, интеграция, ресурсы, государственное регулирование, поддержка.

Объект исследования - Конкурентоспособность сельского хозяйства Ошской области КР.

Предмет исследования - Направления повышения и развития конкурентоспособности производства и реализации сельскохозяйственной продукции Ошской области КР.

**Цель исследования:** Изучение экономических условий совершенствования повышения конкурентоспособности производства и реализации сельскохозяйственной продукции региона в условиях экономического взаимодействия, разработка теоретико-методологических и практических рекомендаций на основе регулирования и определения перспективных направлений ее управления.

**Методы исследования** - в исследовании использованы методы общего экономико-статистического, математического моделирования, монографические, сравнительные, обобщающие.

Научным новшеством исследования является разработка теоретических, методических и практических рекомендаций по совершенствованию механизма повышения конкурентоспособности производства и реализации сельскохозяйственной продукции региона в условиях экономического взаимодействия.

**Полученные результаты:** уточнено экономическое содержание и значение конкурентоспособности сельскохозяйственной продукции; определена роль интеграционной структуры в системе обеспечения конкурентоспособности сельскохозяйственного производства региона; разработана методика оценки конкурентоспособности сельскохозяйственной продукции и выявлены внешние и внутренние факторы, влияющие на нее; на примере мяса и мясной продукции определены резервы повышения конкурентоспособности через анализ и оценку процессов производства, переработки и реализации; разработан организационно-экономический механизм повышения конкурентоспособности хозяйствующих субъектов, производящих сельскохозяйственную продукцию; предложена модель сельскохозяйственной кооперации для интеграции производства, переработки и сбыта продукции, направленная на повышение конкурентоспособности и эффективности; разработана система управления конкурентоспособностью для перерабатывающих предприятий региона; с применением экономико-математических методов предложен прогноз производства и реализации сельскохозяйственной продукции Ошской области до 2030 года.

**Уровень применения:** полученные результаты доведены до уровня конкретных предложений и могут быть использованы при определении и анализе направлений повышения конкурентоспособности производства и реализации сельскохозяйственной продукции в Ошской области и других регионах Кыргызской Республики.

**Область применения:** Выводы, рекомендации и практические указания, а также разработанные положения могут служить научной основой для совершенствования разработки долгосрочных программ и мероприятий, направленных на эффективное функционирование и повышение конкурентоспособности отрасли за счёт привлечения инвестиций в сельское хозяйство и повышения его привлекательности. Кроме того, результаты могут быть использованы в аналитических исследованиях, в преподавании соответствующих дисциплин в высших учебных заведениях, при проведении научно-исследовательских работ и подготовке учебно-методических изданий.

Dissertation work by Shatmanova Aizhamal Suinalievna for the academic degree of Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.06 -national and Regional Economy on the topic: “Enhanicing the competitiveness of agricultural production and sales (on the example of the Osh region of the Kyrgyz Republic)”

**Abstract**

**Keywords:** agriculture, production, competitiveness, efficiency, potential, integration, resources, government regulation, support.

Object of the study - the competitiveness of agricultural sector in the Osh region of the Kyrgyz Republic.

Subject of the study - directions for improving and developing the competitiveness of agricultural production and sales in the Osh region of the Kyrgyz Republic.

**Purpose of the study:** to study the economic conditions for enhancing the competitiveness of agricultural production and sales in the region under conditions of economic interaction, and to develop theoretical, methodological and practical recommendations for improving management and identifying promising directions for development.

**Research methods** – the study employed general economic and statistical methods, mathematical modeling, monographic, comparative, and generalization methods.

Scientific novelty - the research develops theoretical, methodological, and practical recommendations for improving the mechanism that enhances the competitiveness of agricultural production and sales in the region under conditions of economic interaction.

**The results obtained:** clarified the economic essence and significance of the competitiveness of agricultural products; identified the role of the integrative structure in the system ensuring the competitiveness of the region’s agricultural production; developed a methodology for assessing the competitiveness of agricultural products and proposed internal and external factors influencing it; identified reserves for increasing competitiveness through analysis and evaluation of production, processing and sales processes on the example of meat and meat products; developed an organizational and economic mechanism for enhancing the competitiveness of agricultural producers; proposed a model of agricultural cooperation for the integration of production, processing and marketing aimed at improving competitiveness and efficiency; developed a competitiveness management system for agricultural processing enterprises of the region; using economic and mathematical methods, proposed a forecast for agricultural production and marketing in the Osh region up to 2030.

**Level of application:** the results obtained have been brought to the level of specific proposals and expand their application in determining and analyzing directions for improving the competitiveness of agricultural production and sales in Osh region and other regions of the Kyrgyz Republic.

**Scope of application:** The conclusions, recommendations, practical guidelines, and developed provisions may serve as a scientific basis for improving the development of long-term programs and activities aimed at ensuring the effective functioning and competitiveness of the sector by attracting investments into agriculture and enhancing its overall appeal. Ultimately, this contributes to strengthening the food security and export potential of the Kyrgyz Republic. The results can also be applied in analytical research, in teaching relevant subjects at higher education institutions, in scientific research activities, and in the preparation of educational and methodological publications.

Форматы 60x84 1/16
Офсет кагазы. «Times» жасалгасы. Көлөмү 1,75 б.т.
Офсет басмасы. Нускасы 100 даана.
М. Адышев атындагы Ош ТУнун басмаканасында чыгарылган
Ош ш., Н. Исанов көч., 81